Студент үчүн окуу программа

Окуу тартибинин аталышы	КОМУЗ
Окуу жылы, семестр	2025-2026-окуу жылы, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10 сем
Курса эмгекти талап кылышы	**51 кредит,** бардыгы -1530 саат.
Сабактын түзүлүшү	1-10 семестр: жекече сабактар –жумасына 3 саат (семестрде 60саат), СРС – 90с.
Окутуучу жөнүндө маалымат	Суйеркулова И.Б. Телефон 0700 075274 , каб.№40
Окуу тартибинин максаты жана милдеттери	**Максаттары:** билимдин бардык комплексине, профессионалдык жөндөмдүүлүккө, өзүнүн профессионалдык жана маданий деңгээлин өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүнөөэ болгон, адистиги боюнча өз алдынча аткаруучулук жана педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзө алган жогорку квалификациялуу музыкантты даярдоо. **Милдеттери**: Ар кандай доордогу – байыркы доордон, бүгүнкү заманбап мезгилине чейинки музыканын стилдик, салттуу аткаруучулугуна ээ болгон музыкантты тарбиялоо. Аспапта ойноо менен, анын техникалык ыкмаларын өздөштүрө, заманбап усулдук жетишкендиктерди колдоно билүүсү; аткаруучулук чыгармачылыктын бардык жактарын – жеке элементтерден баштап, аткаруучулук концепцияны түзүү жөндөмдүүлүгүнө чейин, профессионалдык сабаттуулукка жана эрудицияга ээ болуусу; аткаруучулук жана педагогикалык ишмердүүлүккө керектүү психикалык сапаттарын иштеп чыгуу. Жекече концерттик кеңири репертуарын топтоо.
Курс жөнүндө маалымат	«Адистик» окуу тартиби кесиптик 04 комуз “Аспаптык аткаруучулук” 570008– адистигинин негизги кесиптик программанын кесиптик түрмөгүнүн окуу тартибинин негизги базасы катары эсептелет. Окуу тартибинин көлөмү 51 кредиттер (1530 саат), окуу курсу 10 семестрдин ичинде окутуу жүргүзүлөт. Музыкалык жождордо, консерваторияда окуу процессин жакшыртуу болочок музыкантты жогорку квалификацияда калыптандыруунун башкы шарттарынын эң маанилүүсү болуп эсептелет. Музыканттын келечекке калыптануусунун маанилүү ролу – комуз-аткаруучунун адистик классы болуп саналат. Жогорку музыкалык окуу жайларында жогорку квалификациялуу кылкыякчылар – окутуучулар жана аткаруучулар даярдалат. Окуу процессинде студент кыл кыякта ойноонун ар жактуу концерттик-сахналык жөндөмдүүлүктөрүнө, нотаны шар окуусу, ансамблдик аткаруучулукка, музыкалык чыгармаларды өз алдынча даярдоонун ыкмаларына, ар кандай жанрлардагы аспаптык жана оркестрдик музыкалык чыгармаларды сабаттуу түрдө иштеп чыгууга жетишүүсү керек.
Пререкви-	Адисттик боюнча орто профессионалдык билим берүү мекемеси

зиттер	Музыкалык тилдин негизги компоненттерин аныктоосу жана мындай билимин ноталык текстти дааналап сабаттуу окуу максатында колдонууга жөндөмдүүлүгү. Музыкалык үзүндүлөрдү эске сактоо менен музыкалык аспапта ойноп берүү жана эске сакталган музыкалык материалды компоновкалоо жөндөмдүүлүгү.
Постреквизиттер	Адистик боюнча Мамлекеттик жыйынтык аттестациясы Конкреттүү тарыхый мезгилдерде, салттык, философиялык, эстетикалык идеялары менен, музыкалык өнөрдүн өнүгүүсүн искусство менен адабияттын башка түрлөрү менен тарыхый контексте, сын көз-карашта ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүгү. Искусствонун эстетикалык негизин түшүнүү жөндөмдүүлүгү. Музыкалык тилдин негизги компоненттерин аныктоосу жана мындай билимин ноталык текстти дааналап сабаттуу окуу максатында колдонууга жөндөмдүүлүгү. Музыкалык үзүндүлөрдү эске сактоо менен музыкалык аспапта ойноп берүү жана эске сакталган музыкалык материалды компоновкалоо жөндөмдүүлүгү. Музыкалык чыгарманы угуу менен же ноталык текст боюнча аныктоо менен комплекстүү түрдө талдоо жүргүзүү жөндөмдүүлүгү. Ноталык тексти кароо менен, добуштардын реалдуу түрдө угулушун кабылдоо аркылуу музыкалык чыгарманын фактурасын угуу жөндөмдүүлүгү. Музыкалык чыгарманын стилине жараша аткаруучулук интонирлөөгө жана көркөм каражаттарды колдоно билүү жөндөмдүүлүгү. Репетициялык процесстин максаттарын жана музыкалык чыгарманын үстүндө иштөө принциптерин түшүнүү менен демонстрациялоо жөндөмдүүлүгү. Тарыхый аспекте композитордук жана салттык стилдерде, жанрларда жана формаларда ориентирлөө жөндөмдүүлүгү. Композитордун стилине жараша ноталык текстти сабаттуу окуу жөндөмдүүлүгүнө жана музыкалык чыгарманын негизги идеяларын андап түшүнүүгө. Эркин түрдө ар кандай татаалдыктардагы партияларды шар окуу, аткаруу менен демонстрациялоо. Музыкалык чыгарманы өздөштүрүүдө өздүк интерпретациясына ээ болуу, өздүк аткаруучулук планын түзүү жөндөмдүүлүгү. Аткаруучулук интерпретациясын түзүү процессинде алынган билимин колдоно билүү, салттык жана

	композитордук стилдерди билүү менен жөндөмдүүлүгүн демонстрациялоо. Музыкалык чыгарманы чечкиндүүлүктө, ачык-айкын, артистизмде, жогорку чеберчиликте жана маданияттуулукта аткара билүү жөндөмдүүлүгү. Композитордун ой-толгоосуна жараша музыкалык чыгармадагы көркөм образдарды түзүү жөндөмдүүлүгү. Оркестрде, ансамблде музыкалык чыгарманы аткарууда, анын угулушунун оптималдуу динамикалык балансын кармоо аркылуу, партнеру менен агогиканы жана фразировканы сезе билип, биргелешкен чыгармачылыкка ээ болуу. Өз алдынча абдан кеңири концерттик репертуарга ээ болуу. Ар кайсы кесиптик даярдоо этаптарында, ар кандай жаштагы окуучуларды музыкалык аспапта ойноого окутуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу. Окутуу тажрыйбасында музыкалык аспапта ойноого окутуунун ар кандай ыкмаларын жана музыкалык аткаруучулуктун салттуулугунун негизин окутуу усулун демонстрациялай билүү.
Окуу тартибинин кыскача мазмуну	**Окуу тартибин өздөштүрүүнүн жыйынтыгында студент төмөнкүлөрдүбилүүсү зарыл:** - музыкалык чыгарманын үстүндөө принциптери жана этаптары; - аспаптын конструктивдүү жана добуш чыгаруу өзгөчөлүгү; - нотациянын ар кандай түрлөрү, аткаруучулук көркөм каражаттар; - ар кайсы мезгилдердеги чыгармалардын жанрдык стилдерин камтыган концерттик аткаруучулук репертуар; - ноталык тексти сабаттуу жана эркин түрдө шар окуу максатындагы музыкалык тилдин негизги элементтери; - байыркы доордон бүгүнкү заманбап аткаруучулук стилистиканын өзгөчөлүгү, аткаруучулук интерпретациянын негиздери; - композитордук стилдер, «композитор – аткаруучу – угуучу» коммуникацияларынын шарттары; - музыкалык чыгармалардын ар кайсы мезгилдердеги стилдеринин, жанрларынын түзүлүшүнүн негиздери; - музыкалык аткаруучулук концепцияларды түзүүнүн негизги этаптары; - ар кайсы мезгилдердеги концерттик, жекече репертуарлардын стилдерин, жанрларын, жекече аткаруучулуктун негизги принциптерин билүү. **Төмөндөгүдөй<u>жөндөмдүүлүктөргө ээ болуусу керек</u>:** - музыкалык чыгарманын үстүндө өз алдынча иштөө; - өзүнүн аткаруучулук аппаратын жакшы техникалык формада кармоо; - музыкалык чыгармаларды көркөм жана техникалык өзгөчөлүктөрүн талдоо; - чыгарманы аткаруу процессинде композициялык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүү; - аспаптын тембрдык, динамикалык ж.б. көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүн колдоно билүү; - музыкалык чыгармалардын көркөмдүк жана техникалык өзгөчөлүктөрүн талдай билүү; - нотациянын ар кандай түрлөрүн жөндөй билүү;

	- композитордук стилдерде, жанрларда жана формаларда тарыхый аспекте ориентир жасоо; - композитордун стили менен шайкеш келген музыкалык образдарды жаратуунун жекече жолдорун табуу; - музыкалык чыгармалардын көркөм мазмунун ачып берүү; - музыкалык чыгарманын аткаруучулук планын түзө билүү; - чыгармаларды аткарууда көркөмдүк жана техникалык кыйынчылыктарын өз алдынча жеңе билүү. - аспапта ойноо үчүн коюлган ар кандай түрдөгү ноталык текстин ар кайсы типтеги нотацияларын жана окуучаларын талдоо жөндөмдүүлүгү; - ар кандай татаалдыктардагы ноталык партияларды шар окуу, интонирлөөнү даана көрсөтүү чеберчилиги, добуш чыгаруунун, артикуляциялардын, фразировкалардын ар кандай ыкмаларын жөндөй билүү; - композитордук стилдин өзгөчолүгүно карап, көркөм образдарды жаратуу жөндөмдүүлүгү; - музыкалык чыгармада аткаруучулук көркөм каражаттарын колдоно билүү менен, өзүнүн интерпретациялоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу; - концерттик, жекече аткаруучулук репертуарынын үстүндө өз алдынча иштей билүү.
Баалоо боюнча маалымат	Студенттердин аткаруучулукка даярдык деңгээлин баалоо критерийи беш баллдуу шкалада негизделип төмөнкүдөй кесиптик талаптар коюлат: - чыгарманы өздөштүрүүнүн сапаты (музыкалык тексти темптик жана агогикалык көрсөтмөлөрүн тактык менен ойноп берүү жана жатка билүү); - техникалык жабдылышы; - интерпретациянын ачык-айкындыгы (динамиканын түрдү образдуулугу, фразировканын ийкемдүүлүгү); - чыгарманын стили менен аткаруучулук стилдин шайкеш келиши. **Баалоонун критерийи:** ***5 балл*** – студент төмөнкүдөй көрсөтмөлөр боюнча эң жакшы натыйжаларды көрсөтүүсү: - музыкалык аспаптык аткаруучулук даярдыгын жогорку деңгээлде демонстрациялоосу; - музыкалык образды жеткиликтүү берүүдөгү индивидуалдуулуктун жогорку деңгээлин көрсөтүүсү; - угуучуларга эмоционалдык таасир бере алуусу; - штрихтердик комбинациялардын кеңири спектрине ээ болуусу; - программаны катасыз жана токтоосуз аткаруусу; - автордун көрсөтмөлөрүнишеничтүү көздөөсү. ***4 баллда – студент***: - музыкалык аспаптык аткаруучулук даярдыгын жетишээрлик деңгээлде демонстрациялоосу; - формалардын түзүлүшүн жана жанрдык негизин түшүнө билүүсү; - технологиялык маселелерди жетишээрлик жогорку деңгээлде чечүүсү; - аткарылуучу чыгармага берилүүсү; - угуучулардын эмоционалдык пикирине ээ болуусу; - чыгарманы токтоосуз аткарып берүүсү;

	- автордун көрсөтмөлөрүнүн көздөөгө басым жасоосу. ***3 балла – студент:*** - музыкалык аспаптык аткаруучулук даярдыгын жетишсиз деңгээлде демонстрациялоосу; - форма түзүлүшүнүн логикасын сезүүсүнүн жетишсиздиги; - техникалык каталарды кетирүүсү жана көркөмдүк каражаттарга жетишээрлик маани бербөөсү; - Стилдик жана жанрдык спецификаны сезе билбегендиги; - Аспапта программаны бир аз ката кетирүү менен аткаруусу. ***2 балла – студент*** критерийлердин бирине да туура келбейт.
Курстун саясаты	- сабактарга милдеттүү түрдө катышуу; - жекече сабактарда активдүүлүгүн көрсөтүү; - СӨАИ жана үй тапшырмаларын аткаруу, сабактарга даярдануу. Жол берилбейт: - сабактан кетип калуу же кечигип келүү, сабак учурунда мобилдик телефон менен алектенүү, тапшырмаларды жана талаптарды өз убагында тапшырбоосуна ж. б.
Студенттин укугу	Окутуучунун иш-аракеттерине, баалоосуна макул болбогон учурда, студент аппеляциялык комиссияга аппеляция бере алат. Деканга, кафедра башчысына кайрылат.
Окутуучунун полномочиясы	Эгер зарыл болсо, окутуучу төмөндөгү иштерди өзгөртө алат: студент менен сүйлөшулгөн план – графигин жана башка күнгө которууга; курстун бөлүмдөрүндөгү кээ бир тематикасын, аткаруу репертуарын ж. б. өзгөртүүгө.

Репертуардык тизмек

№ п/п	Репертуардык тизмек	Сааттар-дын саны	Адабияттар	Эскертүү (Текшерүүнүн формасы)
1-II курс аттестациялар үчүн				
1	**1 курс** 1. К.Орозов “Эл камбаркан” 2. Айдыраалы “ Көйрөң күү 3. Т.Сатылганов « Миң кыял 4. Ы. Туманов « Боз салкын» 5. А.Огомбаев «Жаш кербез» 6. Ы.Туманов «Эки дос»	600		Экзамен

	7. К.Орозов «Жаш кербез» 8. Ы.Туманов «Паровоз» 9. Э. Бакбасаров «Турумтай» 10. Эл күү «Боз торгой» 11. Эл күү «Сарынжи бөкөй» 12. Н.Борошев обр.К.Джекшенова «Өтту кетти балалык» 13. Эл куу «Кулпенде» I, II 14. Айсаев , Нымалов «Жол жүрүш» I, II, III 15. К.Орозов « Үч коо» 16. Р.Керимбаев «Актало» **2 курс** 1. К.Орозов «Камбаркан» 2. Ы.Туманов «Жеңиш» 3. А.Огомбаев «Жаш кербез» 4. К.Орозов «Салтанат шыңгырма» обр.К.Ш.Джекшенова (сопр.ф-но) 5. Н.Абдрахманов «Сон кол баяны» 6. К.Орозов «Кайра качпа» 7. Т.Сатылганов «Миң кыял 8. К.Орозов «Кокой кести» обр.К.Ш.Джекшенова (сопр. ф-но) 9. Т.Сатылганов «Кыз кыял» 10. Элкүү «Солтон сары» 11 .Ш.Шеркулов «Эргиме» 12. К.Орозов «Жумалак ботой» 13. А.Огомбаев «Иңир күү» 14. А.Огомбаев «Кыял күү»			

	15. Ш.Шеркулов «Үч муунак» 16. Элкүү «Шүдүнгүт» 17. Р.Жумабаев «Эрке сары» 18. Ы.Туманов «Эки дос» 19. И.Аманбаев «Кел-кел» 20. А.Насирдинов «Кыргыз жолу» 21. Н.Уралиев «Ысык-Кол дастаны»			
III – курс аттестациялар үчүн				
2	1. Ы.Туманов «Ооган камбаркан» 2. А.Кыдырназаров «Кыргыз көчү» 3. Ы.Туманов «Жаш тилек» 4. М.Борбиев «Таң булбулу» 5. К.Орозов «Бурулчанын ой селки» 6. А.Огомбаев «Маш камбаркан» 7. Эл күү «Мырза уул менен Аксактын 8. Н.Абдрахманов «Мезгил жаңырыгы» 9. Эл куу «Таш жалак» 10. Ч.Имакулов «Кубаныч» 11. К.Орозов «Чоң кербез» 12. А.Огомбаев «Талас кайрыгы» 13 . Н.Борошев «Кер толго» 14. Элкүү «Шүдүңгүт» 15. А.Насирдинов «Ата насыяты» 16. И.Аманбаев «Жал кайрык» 17. Н.Уралиев	**300**		Экзамен

	«Кырчын жайлоо» 18. 0разалиева «Жаратканга таазим»			
IV – курс аттестациялар үчүн				
3	1. К.Орозов «Терме камбаркан» 2. Ы.Туманов «Кеңеш» 3. А.Огомбаев «Шекер» 4. Н.Абдрахманов «Улуу тоолор» 5. Ш.Шеркулов «Эмгек бакыты» 6. К.Орозов «Насыйкат» 7. Н.Абдрахманов «Ата мурасы» 8. К.Орозов «Бешик күү» 9. Н.Борошев «Келин эрке күү» обр.К.Ш.Джекшенова (сопр.ф-но) 10. К.Орозов «Көкөй кести» 11 К.Досуев «Ак бакай» 12. Т.Сатылганов «Тогуз кайрык» 13. А.Огомбаев «Черт комузду» 14. К.Орозов «Каныкейдин арманы» 15. А.Огомбаев «Тоо булбулу» 16.Эл күү «Шүдүңгүт» 17. Шеркул «Үч муунак» 18. А.Насирдинов «Улуу көч» 19. И.Аманбаев «Закым күү» 20. Н.Уралиев «Эне жүрөгү» 21. Н.Орозалиева	**300**		

	«Сезимдеги толгоо» 22. Т.Сатылганов «Сары барпы»			
V – курс аттестациялар үчүн				
4	1.К.Орозов “Сынган бугу” 2.К.Орозов “Терме камбаркан” 3.К.Орозов “Бешик күү” 4.К.Орозов “Дүнүйө” 5.К.Орозов “Насыйкат” 6.К.Орозов “Чон, кербез” 7.К.Орозов “Салтанат шьщгырма”.Обр.К.Ш.Джекшенова (сопр.ф-но). 8.К.Орозов “Кайра качпа” 9.Эл күү “Шырдакбектин боз жорго” 10.К.Досуев “Ак Бакай” 11.Ы.Туманов “Кеңеш” 12.Ы.Туманов “Жаш тилек” 13.Ы.Туманов “Жеңиш” 14.Ы.Туманов “Жыргал күн” 15.А.Огонбаев “Маш камбаркан” 16.А.Огонбаев “Ак тамак, кок тамак” 17.Ш.Шеркулов “Эмгек бакыты” 18.Н.Борошев “Келин эрке күү” Обр.К.Ш.Джекшенова (сопр.ф-но) 19.Н.Борошев “Кара өзгөй” 20.Эл күү “Таш жалак” 21.Н.Абдрахманов	**330**		

	“Улуу тоолор” 22.Н.Абдрахманов “Ата мурасы”			
	итого	**1530**		

Студенттин өз алдынча иштеринин графиги

№ п/п	Сабактардын темалары	СӨАИ боюнча тапшырмалар	Тапшырманын максаты жана мазмуну	Сунушталган адабияттар (бет)	Текшерүүнүн формасы	Тапшыруу мөөнөтү
1	Обон күүлөрдүн үстүндө иштөө	Аспаптын кармоо жана аны үйлөө тартибин өздөштүрүү	Чыгармадагы добуш аралыктарын угуу, регистрин аныктоо	Б.Алагушев Кыргыз комузчуулары жана комуз күүлөрү Фрунзе 1961ж. Б.Алагушев Кылымдарды жылоологон күүлөр Фрунзе 1985ж. Ч.Исабаев Комуздун тандалма күүлөрү Фрунзе,1987ж.	экзамен	1,2,6,9,10 Семестрлер
2	Көлөмдүү чыгармалардын үстүндө иштөө	Метрономду жардамы менен ойноо, саноону туура өздөштүрүү	Көлөмдүү чыгармалардын мазмунун талдоону өздөштүрө билүү	Б.Солтонбеков Карамолдонун күүлөрү Бишкек 2003ж. Н.АбдрахмановНуректын күүлөрү.Бишкек,2009 Б.Феферман Ы.Туманов Күүлөр Фрунзе 1990ж.	экзамен	1-10 семестрлер
3	Күүлөрдүн үстүндө иштөө	Стаккато, nonlegato, ыкмаларын сапаттуу өздөштүрүүгө жетишүү		Авторлор ... чыгармалар...	экзамен	1-10 семестрлер
4	Концерттик чыгармалардын үстүндө иштөө	Кайрыктоонун үстүндө иштөө Динамикалык белги -лердин үстүндө иштөө.		Авторлор... Чыгармалар...	экзамен	1-10 семетрлер

Мамлекеттик аттестатциялык экзамендин болжолдуу программасы;
Кошумча

1. К.Орозов “Сынган бугу”
2. К.Орозов “Терме камбаркан”
3. К.Орозов “Бешик күү”
4. К.Орозов “Дүнүйө”
5. К.Орозов “Насыйкат”
6. К.Орозов “Чон, кербез”
7. К.Орозов “Салтанат шыщгырма”.Обр.К.Ш.Джекшенова (сопр.ф-но).
8. К.Орозов “Кайра качпа”
9. Эл күү “Шырдакбектин боз жорго”
10. К.Досуев “Ак Бакай”
11. Ы.Туманов “Кеңеш”
12. Ы.Туманов “Жаш тилек”
13. Ы.Туманов “Жеңиш”
14. Ы.Туманов “Жыргал күн”
15. А.Огонбаев “Маш камбаркан”
16. А.Огонбаев “Ак тамак, кок тамак”
17. Ш.Шеркулов “Эмгек бакыты”
18. Н.Борошев “Келин эрке күү” Обр.К.Ш.Джекшенова (сопр.ф-но)
19. Н.Борошев “Кара өзгөй”
20. Эл күү “Таш жалак”
21. Н.Абдрахманов “Улуу тоолор”
22. Н.Абдрахманов “Ата мурасы”
23. Ы.Туманов “Жашыл жайлоо”
24. Н.Абдрахманов “Улуу тоолор”
25. А.Огомбаев “ Тоо булбулу”
26. Н.Абдрахманов “ Мезгил жанырыгы”
27. Элдик күү “ Улукман акенин арманы”
28. Н.Абдрахманов “ Ата мурасы”
29. К.Ахмедияров “Куткенде” орк. кош.
30. Н.Борошев “ Арсар күү”
31. Ы.Туманов “Жашыл жайлоо”
32. Элдик күү “ Улукман акенин арманы”
33. А.Огомбаев “ Тоо булбулу”
33. Н.Абдрахманов “Улуу тоолор”
34. Н.Абдрахманов “ Мезгил жанырыгы”
35. Н.Абдрахманов “ Ата мурасы”
36. Н.Абдрахманов «Сон кол баяны»
37. Н.Борош уулу «Келиндердин эрке күү» под сопр фано иштеп чыккан К.ЖЕКШЕНОВ
38. Элдик куу «Саринжи Бокой» оркестрдин коштоосунда
39. К.Орозов. «Ибарат» орк кош.
40. М.Куренкеев «Тотоп шынгырама» оркестр кош.
41. К.Ахмедияров “Куткенде”
42. Н.Борошев “ Арсар күү” орк. Кош.
43. К.Орозов «Кокой кести» орк. Кош.
44. Т.Сатылганов «Тогуз кайрык» под сопр фано

45.Ы.Туманов «Жениш» под сопр фано
46.А.Огомбаев «Ак тамак Кок тамак